


# БУЛ КЫЗЫКТУУ

## ДОМЕНДЕР ТУУРАСЫНДА КЫЗЫКТУУ ФАКТЫЛАР

# Домендик ат деген эмне (домен)?




**Домен** - бул сайттын Интернеттеги тамгалар менен жазылган дареги.
«Домен» сөзүндө басым Е тамгасына түшөт. Англис тилиндеги Domain сөзү «территория, аймак» дегенди түшүндүрөт. Ар бир сайт компьютер менен сандардан турган IP-дареги боюнча аныкталат.   Адамдар толтура сандарды жаттап отурбашы үчүн  тамгадан турган дарек ойлоп табылган – домен.

Домендин дареги экит бөлүктөн турат: биринчи деңгээлдеги домен жана экинчи деңгээлдеги домен. Эл аралык келишимдер боюнча, ар бир өлкөгө биринчи деңгээлдеги домен берилген, сайттын белгилүү бир өлкөгө тиешелүү экенин көрсөтөт:.ru, .by, .uk, .ua, .fr ж.б. Ошондой эле сайттын ишмердүүлүгүнүн багытына жараша биринчи тартиптеги бир нече домен бар: .gov — мамлекеттик, .com — коммерциялык, .edu — билим берүүчү ж.б.

Заманбап интернетте “эски” (.com, .net, .org жана улуттук .ru же .by) домен аймактарына жаңылар media, .club и .today сыяктуулар кошулууда.

Экинчи деңгээлдеги домен сайттын аталышы. Доменди атайын укуктуу уюмдан сатып алууга болот.

# Эң биринчи домен

**Эң биринчи домендик ат дүйнөдө качан катталган деп ойлойсуңар?**

Бул жүз жылдыктын башында, өткөн кылымдын 90-жылдарыбы? Жок – андан да эрте! Бул олуттуу окуя 1895-жылдын 15-мартында Symbolics. com. домени “туулганда” орун алган. Биринчи домендин пайда болушуна ушундай эле аталыштагыт америкалык компьютердик корпорация өбөлгө болгон. Эң кызыктуусу бүгүн да бул домен иш үстүндө. 2009-жылдын август айынан бери анын жаңы кожоюуну болду - таасирдүү Интернет-инвестор XF.com.

**Эң узун доменди эсиңизде барбы?**

Оюңузга келген эң узун аталыштар дагы төмөнкү рекордсмендер менен эч кандай атаандаша албайт, алар ондогон символдордон турат:

*www.iamtheproudowneroftheIongestlongestlongestdomainnameinthisworld.com;*
*www.llanfairpwllgwyngyllgogerychwyrndrobwllllantysiliogogogochuchaf.org.uk;*
*www.llanfairpwllgwyngyllgogerychwyrndrobwyll-llantysiliogogogoch.com.*
*www.thelongestlistofthelongeststuffatthelongestdomainnameatlonglast.com.*

**Эң кыска домен жөнүндө айтсак, так бир нерсе айтуу кыйын**

Анткени, бүгүнкү күндө бир тамгадан турган доментер тармакта азыр абдан көп. Алардын баарын санап отуруунун кажети жок. Керек болсо аларды жеңил эле таап аласыз. Мисал катары Googleдун кытай колдонуучулары үчүн доменин айтууга болот — G.cn.

**Дүйнөдө канча домен бар**
Глобалдык желенин тездик менен өнүгүшү барган сайын улам жаңы домендердин пайда болушуна алып келүүдө. Буга байланыштуу алардын канчасы өз максатына ылайык пайдаланылып жатат деген суроо актуалдуулукка ээ болот. Натыйжада конкреттүү бир сайтка байланган домендерге караганда жөн гана катталган домендерди саны алда канча көп экени жашыруун эмес. Эгер батыш аналиктерине ишенсек, 201-жылдын жыйынтыгы менен Тармакта 200 миллиондон ашуун активдүү домендер бар!

**Эң кымбат домен**
Бул жааттагы рекорддор тез-тез алмашып турат, ошондуктан төмөндө сунушталган финансылык рекордсмендердин тизмеси келечекте да ушундай калат дегенге эч кандай кепилдик жок.
Мисалы, дүйнөдөгү эң кымбат домен PrivateJet.com. болуп саналат. 2012-жылдын февралында «Nations Luxury Transportation» компаниясы бул домендик атты рекорддук баага 30,1 миллиона АКШ долларына сатып алган! Күтүлгөндөй домендин базасында интернет-ресурс ачылып, премиум-класстагы ар түрдүү кызмат көрсөтүү менен алектенмекчи. Биринчи кезекте, домендин аты айтып тургандай  VIP-кардарларды ташый турган жеке аба каттамдары туурасында соз болууда.

Медиа сабак

PrivateJet.com компаниясына чейин 3 жыл бою эң кымбат деп Insure.com. домендик ат эсептелген. 2009-жылы калифорниялык «QuinStreet» компаниясы бул домендик атты 16 миллион шарттуу бирдикке сатып алган. Азыркы учурда Insure.com ден соолукту, өмүрдү, кыймылсыз мүлктү, автомобилдик техниканы камсыздандыруу боюнча кызматтарды рекламалайт.

Эң кымбат домендердин тизмесиндеги үчүнчү орунду Fund.com. ээлейт. Ал үчүн 2008-жылы 10 миллион фунтов стерлинг, долларга которгондо 14 миллион төлөнгөн. Домендин сатып алуучулары финансылык кызматтарды көрсөткөн нью-йорктук интернет-компания болгон.

Катталуу же бош доменди "ээлөө" үчүн жүздөгөн регистратор-компаниялардын бирине кайрылуу керек, жеке маалыматтарды көрсөтүп жана доменди пайдалангандыгы үчүн жыл сайын акы төлөп туруу керек.